| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО КЕНЕША** |

**Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезектеги XV сессиясы**

22-сентябрь 2023-жыл — Уч-Коргон айылы

Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук мамлекеттик комитетинин чек ара кызматы 2001 аскер бөлүгү тарабынан 2023-жыл 18-сентябрь Чыг:268 сандуу катын аткарууга алуу жөнүндө

**ТОКТОМ № 15/5**

Кызыл-Кыя-Кувасай көзөмөл өткөрүү пунктун режимин сакталышын жана мамлекеттик чек арадан өтүп жаткан жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, Уч-Коргон айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя-Кувасай көзөмөл өткөрүү пунктун режимин сакталышын жана мамлекеттик чек арадан өтүп жаткан жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында жүргүнчүлөр жана транспорттук каражаттарга тиешелуу шарт түзүп берүү боюнча КРнын УКМКнын чек ара кызматы 2001 аскер бөлүгү 2023-жыл 18-сентябрь Чыг:268 сандуу катын аткарууга алууга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасы менен Өзбек Республикасынын ортосундагы достук тышкы саясатына ылайык, соода-сатык менен алектенген, фирмалар жана жеке ишкерлердин оор салмактык жук ташуучу авто унааларды транспорттук баш аламандыкты жөнгө салуу жана мамлекеттик чек арадан өтүп жаткан жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, мурунку “Кызыл-Кыя ” аэропортунун аймагына оор жук ташуучу авто унааларга атайын туруучу жай уюштурулуп, кезек менен өтүүгө шарт түзүү Уч-коргон айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылыш жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Токторовго милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагы айылдык кеңешинин этика жана мыйзамдуулук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Исраиловго жүктөлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**